# Биология

## PISAга багытталган тест

## 8 – класс

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла. Берилген маалыматтарга таянып жооп бергиле.<br>1-суроо: Анара сүттү бөбөгүнө берээрден мурун анын температурасын билүүгө аракет кылды. Бирок, анда термометр жок эле. Төмөндөгүлөрдүн ичинен кайсынысы сүттүн температурасын туура аныктоонун эң натыйжалуу ыкмасы?<br>Бир гана туура жоопту танда:<br>А. сүттү кашыктап ичип байкоо<br>Б. бөтөлкөнүн сыртын кармап көрүү<br>В. билегинин ички бетине сүттү тамызуу<br>Г. бөтөлкөнүн ичине сөөмөйүн салып билүү</td>
<td>Наристелердин сүт аралашмасы<br><br>Анара 6-айлык инисинин ачкадан ыйлап жатканын көрүп, ага сүт аралашмасынан сүт даярдап берүүнү чечти. Ал адегенде сүттүн курамын, даярдалышын окуп чыкты. Колун таза жууп, таза бөтөлкөгө $70^0$ С кайнаган сууну куйду. Андан соң ага кашык менен кургак сүттү өлчөмү менен салды, аралаштырды. Эми бул ысык аралашмага муздатылган кайнак суу куйду, дагы чайкап аралаштырды. Бирок, инисине берээрде сүттүн ысык экендигин байкады. Даярдалган бөтөлкөдөгү сүттү дагы муздатуу үчүн аны муздак суу куюлган идишке салды.</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүгү: кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү</li><li>Контексти: жекече</li><li>Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)</li><li>Тапшырманын форматы: бир туура жооптуу</li><li>Баалоо объекти: кубулуштарды түшүндүрүү үчүн туура келген табигый-илимий билимдерди пайдалануу</li><li>Максималдуу упай: 1</li><li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li></ul></td>
<td>Баалоо системасы<table><tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr><tr><td>1</td><td>Туура жооп: 3 (В)</td></tr><tr><td>0</td><td>Башка жооп же жооп жок</td></tr></table></td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы жана биринчи тапшырмадагы текстти окуп чыгып, жоом бергиле.<br>2-суроо: Сенин оюңча Анаранын бөбөгү сүттү аз ичкенине караганда, ал сүт аралашмасын даярдап жаткан учурда кандай катачылык кетирди?<br>Себебин түшүндүрүп жазгыла:<br>______________________________________<br>______________________________________<br>—<br>______________________________________<br>_</td>
<td>Наристелердин сүт аралашмасы<br><br>Анара апасына чалып, ал сүттү бергенде бөбөгү көп сүт ичпегендигин, бир аз убакыттан соң бөбөгү кайрадан тынчсызданып ыйлай баштаганын айтты.</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөлөрү
<ul>
<li>Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар</li>
<li>Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу</li>
<li>Контексти: жекече</li>
<li>Деңгээли:орто (продуктивдүү)</li>
<li>Тапшырманын форматы: ачык (кенен жооптуу)</li>
</ul>
Баалоо объекти: маалыматты талдоо, интерпретациялоо жана туура келген чечим чыгаруу
<ul>
<li>Максималдуу упай: 2</li>
<li>Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</li>
</ul></td>
<td>Баалоо системасы:
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: Катасы, $70^0$C ысык суууга сүт аралашмасын салды. Түшүндүрмөсү, себеби өтө ысык сууда кургак сүт топтошуп, жабышып калат дагы толук эрибейт, курамындагы пайдалуу заттар, витаминдер бузулат. Упчунун кичине тешигинен өтпөйт, наристе иче албайт, жаагы карышат.</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Жоопто катасы гана берилип, анын түшүндүрмөсү же себеби түшүндүрүлгөн эмес</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table></td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла. Берилген маалыматтарга таянып жооп бергиле.<br>**3-суроо:** Эгерде Анаранын бөбөгүнө сүт аралашмасы жакпаса анда, наристеде кандай реакциялар болушу мүмкүн?<br>Бардык туура жоопторду тандагыла:<br>**А. ичтин катышы**<br>Б. салмактын кошулушу<br>В. узакка уктоо<br>**Г. ичегиге жел толуу**</td>
<td colspan="2">**Наристелердин сүт аралашмасы**<br><br>Анаранын апасы бул сүттүн аралашмасын жаңы алып келгендигин жана ал бөбөгүнө жакпай да калышы мүмкүн экендигин айтты.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<br>• Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу<br>• Контексти: жекече<br>• Деңгээли: орто (продуктивдүү)<br>• Тапшырманын форматы: бир нече туура жооптуу<br>• Баалоо объекти: кубулуштарды түшүндүрүү үчүн туура келген табигый-илимий билимдерди пайдалануу<br>• Максималдуу упай: 2<br>• Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr>
<td>Упай</td>
<td>Критерийдин мазмуну</td>
</tr>
<tr>
<td>2</td>
<td>Туура жооп: 14 (АГ)</td>
</tr>
<tr>
<td>1</td>
<td>Туура жооптун бирөө гана белгиленсе</td>
</tr>
<tr>
<td>0</td>
<td>Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, таблицаны талдап чыккыла. Берилген маалыматтарга таянып туура жооп бергиле.<br>**4-суроо:** Анара бөбөгүндө аллергиялык реакциянын жүрүшү салыштырмалуу аз болуш үчүн кайсы сүт аралашмасын тандаш керек?<br>Бир гана туура жоопту тандагыла:<br>А) 1<br>**Б) 2**<br>В) 3<br>Г) 4</td>
<td>**Наристелердин сүт аралашмасы**<br><br>Анара апасы менен сүйлөшкөндөн кийин, текчеде турган бардык сүт аралашмаларынын курамын тыкаттык менен окуп чыкты. Ал кутучалардагы сүт аралашмаларынын курамынан бир нече айырмачылыктарды байкады.<br><br>№1<br>Уйдун сүтүнүн белогу<br>Пальма майы ж.б.<br><br>№2<br>Эчкинин сүтүнүн белогу<br>Сүттүн майы ж.б.<br><br>№3<br>Уйдун сүтүнүн белогу<br>Сүттүн майы ж.б.</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr><td></td><td><table><tr><td>№4</td></tr><tr><td>Эчкинин сүтүнүн белогу</td></tr><tr><td>Пальма майы ж.б.</td></tr></table></td></tr>
<tr><td>Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүгү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын пайдалануу</li><li>Контексти: жекече</li><li>Деңгээли: орто (продуктивдүү)</li><li>Тапшырманын форматы: бир туура жооптуу</li><li>Баалоо объекти: кубулуштарды түшүндүрүү үчүн туура келген табигый-илимий билимдерди пайдалануу</li><li>Максималдуу упай: 1</li><li>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</li></ul></td><td>Баалоо системасы<table><tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr><tr><td>1</td><td>Туура жооп: 2 (Б)</td></tr><tr><td>0</td><td>Башка жооп же жооп жок</td></tr></table></td></tr>
</table>

<table>
<tr><td colspan="1">Оң тараптагы текстти окуп чыккыла. 4-тапшырмадагы жообуңарга таянып түшүндүрмө бергиле.<br>5-суроо: Эмне себептен, Анара бул сүттү тандаш керек?<br>Себебин аргументи менен түшүндүрүп жазгыла:<br>________________________________<br>________________________________<br>__<br>________________________________<br>_</td><td colspan="2">Наристелердин сүт аралашмасы<br><br>Уйдун жана эчкинин сүтүнүн негизинде жасалган бөбөктөрдүн сүт аралашмасы эненин сүтүнө бир топ жакын курамда болот. Алардын курамындагы белок, углевод жана майлардын кармалышы жана катышы да жакын. Бирок, уйдун жана эчкинин сүтүнөн жасалган сүт аралашмалар сиңимдүүлүгү боюнча да айырмаланат.</td></tr>
<tr><td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөлөрү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү : тирүү системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүгү: жыйынтык чыгаруу үчүн маалыматтарды интерпретациялоо</li><li>Контексти: жекече</li><li>Деңгээли: жогору (креативдүү)</li><li>Тапшырманын форматы: ачык (кенен жооптуу)</li><li>Баалоо объекти: маалыматты талдоо, интерпретациялоо жана туура келген чечим чыгаруу</li><li>Максималдуу упай: 2</li><li>Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</li></ul></td><td colspan="2">Баалоо системасы</td></tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: Эчкинин сүтүндө ылдам жана жеңил сиңүүчү заттар, витаминдер жана минералдар кармалган. Мындан сырткары уйдукуна салыштырмалуу аллергияга дээрлик алып келбейт. Пальма майы кальцийдин сиңишин начарлатат, ичин катытат. Ал эми сүттүн майы тескерисинче аларды жакшыртат.</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Эчкинин сүтү дээрлик аллергия кылбайт же ал бат жана жеңил сиңет же сүттүн майы пальма майына караганда пайдалуу деген түшүндүрмө берилсе.</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table>